КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ АЙМАК ҮЧ-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО КЕНЕША

**2024-жылдын 20- февралы** **Үч-Коргон айылы**

**Уч-Коргон айыл аймагынын айылдык Кеңешинин**
**VII чакырылышындагы I сессиясынын №1/1 токтому**

**“Уч-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтү ” мекемеси айыл өкмөтүнүн түзүү жөнүндө**

“Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 4-апрель №87 “Жарлыгы жөнүндө” Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 30-мартындагы №177 “Айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук административдик-аймактык реформа жүргүзүлүп жаткан Кыргыз Республикасынын региондорундагы айыл өкмөттөрүнүн ишин уюштуруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык саны жөнүндө” токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 92-беренесин, “Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2023-жыл 31-мартындагы №178токтому менен бекитилген “Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, Уч-Коргон айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. “Уч-Коргон айыл өкмөтү” мекемеси жана “Чаувай” айыл өкмөтү мекемеси бириктирүү жолу менен Уч-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемеси болуп кайра түзүлсүн.

   Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:
   - Мамлекеттик тилде: “Уч-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемеси.
   - Расмий тилде: У-е “Айыл окмоту Уч-Коргонского айылного аймака”.
2. “Уч-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемесине өткөрүп берүү актысы бекитилсин. (тиркеме тиркелет)
3. Уч-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемесине Жобосу бекитилсин.
4. Уч-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтү мекемесинин юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы, Баткен облусту, Кадамжай району, Уч-Коргон айыл аймагы болуп аныкталсын.
5. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.
   Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Уч-Коргон айылдык кеңешинин төрагасы:** **Б.Юрсунов**